# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

# АНЫКТАМАСЫ

Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун
кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2026-жылдын 25-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы М.Э. Айтмырзаевдин катышуусунда, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн жетекчиликке алып, сот отурумунда Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун кайрылуусун карап чыкты.

Судья К.Дж. Кыдырбаевдин маалыматын угуп, кайрылуу субъектисинин өтүнүчүн жана ага тиркелген материалдарды изилдеп, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

## Т А П Т Ы:

2026-жылдын 27-августунда Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун Кыргыз Республикасынын “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу

өндүрүшү тууралуу” Мыйзамынын (мындан ары – Сот аткаруучулар жөнүндө мыйзамы) 109-беренесинин 3-бөлүгүнүн, 111-беренесинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 2-бөлүгүнө, 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 45-беренесинин 2-бөлүгүнө жана 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө кайрылуусу келип түшкөн.

Кайрылуудан көрүнүп тургандай, Конституциялык сотко кайрылууга Ош шаардык сот аткаруучулар кызматында Ош шаардык сотунун 2025-жылдын 10-ноябрындагы чечиминин негизинде берилген 2026-жылдын 26-мартындагы аткаруу баракчасынын аткарууда жаткандыгы негиз болгон.

Аталган чечимге ылайык, жаран Э.А. Алибаев жана аны менен бирге жашаган үй-бүлө мүчөлөрү Ош шаары, Н. Исанов көчөсү, 31а-үй, 78-батир дарегинде жайгашкан турак жайдан чыгарылууга тийиш болгон. Өндүрүп алуучу катары “Кыргыз Республикасынын транспорт каражаттарынын айдоочулар союзу” коомдук бирикмеси (мындан ары – Союз) көрсөтүлгөн.

Арыз ээси жогоруда көрсөтүлгөн чечим Союздун пайдасына – анын аталган батирге болгон менчик укугуна байланыштуу чыгарылганын белгилейт. Анда аталган менчик укугу батирден чыгаруу жөнүндө доо талаптарынын укуктук негизи болгон.

Ошол эле учурда, Ош шаардык сотунун 2026-жылдын 21-апрелиндеги башка өндүрүштө кабыл алынган чечими менен Союз менен жаран М.Ш. Козуевдин ортосунда 2015-жылдын 26-февралында түзүлгөн алмашуу келишими бузулган. Ага ылайык аталган батир башка батирлер менен бирге эки жер тилкесине алмаштырылган.

Тиркелген материалдардан көрүнүп тургандай, аталган жер тилкелери узак убакыт бою соттук талаш-тартыштардын предмети болуп келген. Натыйжада, соттун чечиминин негизинде Ош шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 13-майындагы жана 2023-жылдын 18-июлундагы токтомдору менен жер тилкелери муниципалдык менчикке өткөрүлүп берилген. Ушуга байланыштуу М.Ш. Козуев 2015-жылдын 26-февралындагы алмашуу

келишиминде каралган жер тилкелерине ээ болуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган.

Аталган келишимдин бузулушунун натыйжасында талашылып жаткан батирге менчик укугу М.Ш. Козуевдин тарабына таанылган, ушуга байланыштуу жогоруда көрсөтүлгөн аткаруу баракчасын берүүгө укуктук негиз болгон Союздун батирге болгон менчик укугу токтотулган.

Мында М.М. Жорокулов батирдин азыркы менчик ээси М.Ш. Козуев аткаруу өндүрүшүнүн тараптары болуп саналбагандыгын жана Э.А. Алибаевди турак жайдан чыгаруу жөнүндө талап койбогондугун белгилейт.

Арыз ээси, Сот аткаруучулар жөнүндө мыйзамдын аткаруу өндүрүшүн токтото турuунун учурларын камтыган 109-беренесинин 3-бөлүгүнө шилтеме жасап, аталган укуктук жөнгө салууда өндүрүп алуучунун мүлктүк укуктары токтотулган учурда сот аткаруучуну аткаруу өндүрүшүн токтото турууга жана аны улантуу же токтотуу жөнүндө сотко кайрылууга багытталган ченем камтылбагандыгын жүйө катары келтирет. Мындан тышкары, аткаруу өндүрүшүнүн тараптарына жогоруда көрсөтүлгөн жагдайлар боюнча өз алдынча сотко кайрылуу укугун берген жобо да жок экендигин белгилейт.

Ушундай эле жүйөлөрдү ал Сот аткаруучулар жөнүндө мыйзамдын аткаруу өндүрүшүн токтотуунун учурларын аныктаган 111-беренесине карата да келтирет. Анын пикиринде, аталган беренеде да жогоруда көрсөтүлгөн жагдайлар келип чыккан учурда сот аткаруучуну аткаруу өндүрүшүн токтотууга милдеттендирген ченем, ошондой эле аткаруу өндүрүшүнүн тараптарына сотко кайрылуу укук берген жобо камтылган эмес.

Кайрылуу субъектиси талашылып жаткан укуктук жөнгө салуудагы орун алган боштуктар соттук коргонуу укугун чектейт деп эсептейт.

Арыз ээси өз жүйөлөрүн негиздөөдө конституциялык көзөмөл органынын бир катар чечимдерине кайрылат, аларга ылайык соттук коргонуу укугу сот адилеттигине негизсиз чектөөлөрсүз жетүүнү билдирет, ал эми мыйзамдык жөнгө салуу мындай жетүүнү камсыз кылууга, укуктук

белгисиздикти жоюуга багытталган (Жогорку соттун Конституциялык палатасынын 2013-жылдын 29-октябрындагы, 2013-жылдын 22-ноябрындагы, 2014-жылдын 31-январындагы, 2017-жылдын 17-февралындагы, 2019-жылдын 16-январындагы, 2020-жылдын 23-декабрындагы чечимдери). Анын пикиринде, мындай талап аткаруу өндүрүшүн жөнгө салуучу ченемдерге да тиешелүү, анткени ал сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун аяктоочу баскычы болуп саналат.

Жорокулов М.М. ошондой эле, Сот аткаруучулар жөнүндө мыйзамдын сот актысы жокко чыгарылган учурда аткаруу өндүрүшүн токтотууну караштырган 111-беренесинин 4-пунктуна шилтеме жасайт. Анын ырастоосуна ылайык, мыйзам чыгаруучу аталган ченемде сот актысын аткарууда процессуалдык негиздин жоголушун жөнгө салган. Ал эми башка сот актысы менен өндүрүп алуучунун мүлктүк укугу токтотулган учурда доонун материалдык-укуктук негизинин жоголушу мыйзам менен жөнгө салынган эмес. Анын пикиринде, мындай жагдайлар келип чыккан учурда сот аткаруучуга өз алдынча сотко кайрылуу милдети жүктөлгөн эмес, мунун натыйжасында эки сот актысынын ортосунда карама-каршылыктар келип чыгат. Ушундан улам, арыз ээси көрсөткөндөй, сот аткаруучу аткаруу өндүрүшүнө байланыштуу маселелерди өз алдынча чечет, атап айтканда, карызкорду турак жайдан чыгаруу жөнүндө аткаруу баракчасын аткарууну улантат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, арыз ээси талашылып жаткан ченемдик жоболорду Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин жүйөлөрүн жана берилген материалдарды изилдеп чыгып, төмөнкүдөй тыянакка келди.

1. Конституциялык контролдоонун укуктук маңызы – укуктук мамилелерди жөнгө салуунун конституциялуулугуна күмөн саноону ырастаган укуктук мүнөздөгү жүйөлүү далилдер болгон учурда ченемдик

укуктук актылардын же алардын түзүмдүк элементтеринин Конституциянын талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү болуп саналат.

Ошондуктан “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 26-беренесинин 2-бөлүгүндө Конституциялык сот тарабынан ишти кароого негиз болуп талашылып жаткан ченемдин жөнгө салуучу таасиринин конституциялык жоболорго ылайык келүүсүнө карата аныкталган белгисиздик же күмөн саноо эсептелери белгиленген, мында мындай күмөн саноолор арыз ээсинин логикалык жактан негизделген укуктук позициясына таянууга жана жүйөлүү укуктук аргументтер менен ырасталууга тийиш.

Ченемдик-укуктук жөнгө салуунун мындай шартында, кайрылуу –анын мазмунунан ченемдик-укуктук актынын конституциялуулугуна карата ачык белгисиздиктин бар экендиги көрүнүп турган учурда гана өндүрүшкө кабыл алынышы мүмкүн. Мында арыз ээсинин колдонуудагы ченемдик жөнгө салууга макул эместиги жетиштүү негиз болуп саналбайт.

Ушуга байланыштуу конституциялык Мыйзам кайрылуу субъектисинен жеке укуктук позициясын баяндоону жана Конституциянын жоболору менен системалуу байланышта талашылып жаткан укуктук жөнгө салуунун конституциялуулугуна карата күмөн саноонун бар экендигин көрсөтө турган негиздемелерди келтирүүнү талап кылат.

Ошону менен, арыз ээси тарабынан келтирилген жүйөлөр өзүнөн-өзү талашылып жаткан укуктук жөнгө салууларда конституциялык-укуктук белгисиздиктин бар экендигин ырастабайт.

2. Кайрылуунун мазмунунан көрүнүп тургандай, арыз ээси конституциялык укуктардын бузулушун, биринчи кезекте, аткаруу үчүн негиз болуп саналган сот актысы мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин өндүрүп алуучунун талаптарынын материалдык-укуктук негизи өзгөргөн же токтотулган жагдайда аткаруу өндүрүшүн токтото туруунун же токтотуунун атайын механизми мыйзамдарда каралбагандыгы менен байланыштырат. Атап айтканда, арыз ээси өндүрүп алуучунун тиешелүү мүлккө болгон

менчик укугу сот тарабынан токтотулушунун натыйжасында ушундай жагдай келип чыккандыгын көрсөтөт. Бирок мындай учурда, карызкорду турак жайдан чыгарууга байланыштуу аткаруу өндүрүшү токтотулбайт жана аягына чейин аткарылат.

Ушул аспектиде соттук чечимдердин маанисине жана анын преюдициялык чектерине өзгөчө көңүл буруу зарыл. Арыз ээси баяндаган жагдайда бир соттун өндүрүп алуучунун мүлктүк укугун токтотуу жөнүндө чечими башка соттун чечимине, атап айтканда, аткаруу өндүрүшүнө карата преюдициялык күчүнө ээ боло албайт.

Конкреттүү аткаруу аракеттерин жүргүзүүгө негиздердин бар же жок экендиги жөнүндө маселени чечүү, ошондой эле сот аткаруучунун аракеттеринин (аракетсиздигинин) мыйзамдуулугуна баа берүү укук колдонуу чөйрөсүнө кирет жана мыйзамда белгиленген тартипте гана жүзөгө ашырылат.

Биринчи кезекте, Сот аткаруучулар жөнүндө мыйзам – аткаруу өндүрүшү аткаруунун мыйзамдуулугу жана милдеттүүлүгү принциптерине негизделерин белгилейт (2-берене). Ушул принциптер менен өз ара байланышта мыйзам чыгаруучу сот аткаруучунун жоопкерчилигин жана ага жүктөлгөн кызматтык ыйгарым укуктарды аткаруу милдетин аныктайт (13-берененин 1-бөлүгү).

Ошол эле учурда, аталган Мыйзамдын 12-беренесинин жана 109-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунун маңызы боюнча, сот аткаруучу аткаруу иш-аракетин жасоого негиз болуучу аткаруу документтери түшүнүксүз учурларда, анын ичинде аткаруу ыкмасын жана тартибин өзгөртүү жөнүндө сотко кайрылууга укуктуу. Башкача айтканда, мыйзам чыгаруучу тарабынан сот аткаруучунун сотко кайрылуусунун мындай механизми каралган: ал соттук көзөмөлдү камсыз кылууга жана сот актысын аткарууда келип чыккан кыйынчылыктарды өз билемдик менен чечүүгө жол бербөөгө мүмкүндүк берет.

Ошону менен бирге, арыз ээсинин жүйөсүндө, мыйзам чыгаруучу тарабынан сот аткаруучу аткаруу өндүрүшүн токтотуу маселесин сот алдында өз алдынча демилгелөөгө багытталган ченем камтылышы зарыл. Бирок, сот аткаруучу аткаруу документи берилген иш боюнча тараптар болуп саналбагандыктан, тиешелүү талап менен сотко кайрылуу боюнча процессуалдык ыйгарым укуктарга априори ээ эмес жана ээ боло албайт.

Сот аткаруучулар жөнүндө мыйзамдын 4-беренесине ылайык, сот аткаруучу Конституцияга жана мыйзамга баш ийүү менен, аткаруу документтерин аткарууну гана жүзөгө ашырат. Ал эми мындай процессуалдык ыйгарым укуктар аткаруу өндүрүшүнүн тараптары – өндүрүп алуучуга жана карызкорго таанылган.

Ошону менен бирге, Сот аткаруучулар жөнүндө мыйзамдын 26 жана 121-беренелеринде каралган тартипте аткаруу өндүрүшүнүн тараптары сот аткаруучунун токтомдоруна, аракеттерине же аракетсиздигине даттануу жолу менен өз алдынча соттук коргоого кайрылуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылган эмес. Сотко берилген даттануу процессуалдык мыйзамдарда белгиленген эрежелер боюнча каралат.

Демек, мыйзамдарда аткаруу өндүрүшүнүн катышуучуларынын укуктарын соттук коргоонун өз алдынча механизми кепилденген. Мындай механизмдин орун алышы аткаруу өндүрүшүнүн тараптарларына мыйзамда каралган негиздер, анын ичинде арыз ээси көрсөткөн жагдайлар болгон учурда, конкреттүү аткаруу өндүрүшүн токтотуу маселесин сот алдында коюуга мүмкүндүк берет.

Даттануунун жыйынтыгы боюнча сот актысы жокко чыгарылган учурда, Сот аткаруучулар жөнүндө мыйзамдын 111-беренесинин 4 жана 5-бөлүктөрү колдонулушу мүмкүн. Аларга ылайык, аткаруу документи берилген сот актысынын жокко чыгарылганда, жана ошондой эле өндүрүшкө кабыл алынган аткаруу документи жокко чыгарылганда же жараксыз деп таанылганда аткаруу өндүрүшү токтотулат.

Ушуга байланыштуу, арыз ээсинин Сот аткаруучулар жөнүндө мыйзамдын 109 жана 111-беренелерине мазмуну боюнча бирдей иденттүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө талабын негизсиз деп табууга болот. Анткени аталган ченемдер аткаруу өндүрүшүн токтото туруунун жана токтотуунун ар түрдүү негиздерин жана тартибин жөнгө салат. Ал эми колдонуудагы мыйзамдарда аткаруу өндүрүшүнүн катышуучуларынын укуктарын коргоонун тиешелүү механизмдери бекитилген.

Мындан тышкары, Сот аткаруучулар жөнүндө мыйзамдын өзүндө сот аткаруучунун аракеттерине даттануу менен аткаруу өндүрүшүнүн жүрүшүнүн өз ара байланышы байкалат. Атап айтканда, 109-беренесинин 3-бөлүгүнүн
4-пунктунда көрсөтүлгөн сот аткаруучунун токтомуна, аракетине (аракетсиздигине) даттануунун сот тарабынан өндүрүшкө кабыл алынышы аткаруу өндүрүшүн токтото турууга негиз болот.

Демек, арыз ээси талап кылып жаткан аткаруу өндүрүшүн токтото туруунун же токтотуунун кошумча негиздеринин жоктугу өзүнөн-өзү сот аткаруучунун аракеттерине карата соттук көзөмөлдү жокко чыгаргандыгын жана тараптардын өз укуктарын Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгүндө кепилденген сот аркылуу коргоо мүмкүнчүлүгүн чектегендигин билдирбейт.

Ушундан улам, арыз ээси келтирген жүйөлөрдө ачык укуктук негиздер камтылбагандыгы жана аларды ырастаган иш жүзүндөгү жагдайлар менен бекемделбегендиги жөнүндө тыянак чыгарууга болот. Тескерисинче, кайрылуунун мазмунунан сот аткаруучулардын өздөрүнө жүктөлгөн кызматтык милдеттерди так жана кыйшаюусуз аткаргандыгы түздөн-түз көрүнүп турат.

3. Сот аркылуу коргонууга болгон конституциялык укук – бузулган укуктарды калыбына келтирүүнүн жеткиликтүү жана натыйжалуу жол-жоболорунун болушун талап кылат. Бирок, бул мыйзам чыгаруучу ар кандай мүмкүн болгон иш жүзүндөгү же материалдык-укуктук жагдайдын

өзгөрүшүнө байланыштуу аткаруу өндүрүшүн токтотуунун өзүнчө ыкмасын караштырышы керек дегенди билдирбейт. Конституция соттук коргонууну кепилдейт, ал эми аны жүзөгө ашыруунун конкреттүү формалары жана тартиби ченемдик укуктук актылар менен бекитилет.

Конституциялык сот сот аркылуу коргонуу укугунун кепилдигинин маанисин бир нече жолу ачыктаган. Тактап айтканда, 2022-жылдын 30-ноябрындагы чечиминде аталган укук ар бир адамдын ар кандай талап менен, ар кандай жагдайда сотко каалагандай формада кайрылуу мүмкүнчүлүгүн билдирбестигин белгилеген. Конституциянын маңызынан жана мазмунунан келип чыккандай, сот аркылуу коргонуу укугун ишке ашыруу сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун маселелерин жөнгө салуучу укуктук ченемдерди так жана кыйшаюусуз сактоону, ошондой эле кайрылган тараптардын белгиленген жол-жоболорду кармануусун талап кылат.

Ошондуктан, арыз ээсинин конституциялык жоболордун болжолдуу бузулгандыгы жөнүндө жүйөлөрү иш жүзүндө аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдарды колдонуу тартибине макул эместигине жана сот аткаруучунун конкреттүү жагдайда аракеттеринин (аракетсиздигинин) мыйзамдуулугу жөнүндө маселени чечүү зарылдыгына келип такалат. Ал эми аталган жүйөлөр талашылып жаткан ченемдик укуктук жөнгө салуунун Конституцияга ылайык келбестигин негиздөөгө багытталган эмес.

Ошентип, кайрылууда келтирилген жүйөлөр Конституциянын жоболору менен өз ара системалуу байланышта эмес жана талашылып жаткан укуктук жөнгө салуулардын так конституциялуулугуна карата объективдүү күмөн саноонун бар экендигин ырастабайт.

Мында конкреттүү аткаруу өндүрүшүндө тиешелүү материалдык-укуктук мамилелер токтотулгандан кийин аткаруу аракеттерин улантуу үчүн жетиштүү укуктук негиздер болуп-болбогондугу жөнүндөгү маселени чечүү конкреттүү иштин жагдайларына, мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларынын мазмунуна, аткаруу өндүрүшүнүн катышуучуларынын укуктук статусуна жана аткарылууга тийиш болгон талаптардын мүнөзүнө баа

берүүнү талап кылат. Мындай баа берүү Конституциялык соттун конституциялык контролдоо боюнча ыйгарым укуктарынын чегинен чыгат жана жалпы юрисдикциядагы соттордун компетенциясына кирет.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Конституциялык сот арыз ээси тарабынан коюлган маселе конкреттүү иш жүзүндөгү жагдайларда аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдардын ченемдерин колдонууга байланыштуу экендиги, ал эми талашылып жаткан ченемдик жоболордун Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсүнө карата белгисиздикке тиешеси жок экендиги тыянагына келет.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1 жана 4-пункттарын жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**А Н Ы К Т А Д Ы**

1. Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун Кыргыз Республикасынын “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” Мыйзамынын 109-беренесинин 3-бөлүгүнүн, 111-беренесинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 2-бөлүгүнө, 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 45-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Берилген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.

3. Ушул аныктама акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**